**А.Осмонов атындагы орто мектебинин**
**башталгыч класстар Усулдук Бирикмесинин үч жылдык анализи**

**Усулдук Бирикменин проблемасы:”** Заманбап талабына ылайык сабактарда интерактивдүү усулдарды колдонуу аркылуу сапаттуу билим берүү менен окуучулардын билим денгээлин көтөрүү”

**Усулдук бирикменин максаттары жана милдеттери;**

**Максаты:**
1. Усулдук бирикмелердеги мугалимдердин чеберчилигин жана квалификациясын жогорулатуу,жаш мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүн колдоо.
2.Билим берүү чөйрөсүндө окутуунун сапатына,максаттарына жана натыйжаларына бирдиктүү талапты коюу;
3. Мугалимдердин чыгармачыл ишмердүүлүгүн натыйжалуулугун баалоо

**Усулдук иштер боюнча негизги багыттар:**

Мектептеги усулдук жана инновациялык иштерди уюштуруу процесстин өнүгүүсүн көзөмөлгө алуу жана жетектөө

- Отурумдарды өткөрүү
- Мугалимдердин кваликациясын жогорлатуу үчүн кесиптик курстан өкөрүү
- УБнин ар бир мүчөсүн КТУсун аныктоо үчүн комиссия түзүү

**Усулдук бирикменин милдеттери:**
- Мугалимдердин чыгармачылыгын жана квалификациясын жогорулатуу,жаш мугалимдерге менен иштөөсүн уюштуруу
- Усулдук бирикменин жыйналыштарын өткөрүү
- Инновациялык техникалогияларды өздөштүрүү жана колдоно билүү
- Өз билимин жогорлатуу
- Билим берүүнүн сапатын көтөрүү негизги болгон педметтердин диагностикаларын маалыматын түзүү
- 4-класстарда олимпиада өткөрүү
- Окуу-тарбия иштерин уюштуруу
- Окуу ишмердигин шыктуу окуучулар менен иш алып баруу
- Окуу ишмердигинде ишмердүүлүгү төмөн окуучулар менен иш алып баруу

Бирикмеде эмгектенген мугалимдер тарабынан билимин жогорулатуу темасы тандалып алынган жана ошол теманын аралыгында ар кандай окуу материалдардан жана интернет булактарынан маалымат алып турушат.Өздөрү алган маалыматарынын негизинде доклад жазашат,башка мугалимдер менен маалымат бөлүшүп турушат.

**Башталгыч класстардын мугалимдеринин өзүн-өзү өнүктүрүү темасы.**

| № | Аты-жөнү | Өзүн –өзү өнүктүрүү теиалары |
|---|---|---|
| | | |
| 1 | Ташыбаева Б.К. | Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үчүн жаңы ыкмаларды чыгармачылык менен пайдалануу |
| 2 | Эшматова Э.С. | Инновациялык ыкмаларды пайдалануу менен билим денгээлин көтөрүү |
| 3 | Абданбекова А.И. | Окуучуларды окутууда суроо,жооп ыкмасынн колдонуу менен билим денгээлин көтөрүү |
| 4 | Абдраимова Дж.С. | Окуучулардын өз алдынча иштөөсүн жана ой-жүгүртүүсүн өнүктүрүү |
| 5 | Бектемир кызы Айжаркын | Окуучулардын билимге болгон кызыгууларын калыптандыруу |
| 6 | Бейзеева С.А | Жаңы ыкмаларды пайдалануу менен окуучулардын аң сезимин көтөрүү |

2018-2019-окуу жылында башталгыч класстар усулдук бириикмесинде 4 жогорку билимдүү мугалимдер эмгекетенди.
Усулдук бирикменин иш планы райондук билим берүү тарабынан бирдиктүү план түзүлгөн.Ошол пландын нгегизинде төмөнкүдөй иштер аткарылды. 1-сентябрда Ч.Айтмаотовдунт 90 жылдык маарекесине карата ар бир класста класстык сааттар "Менин кичи Мекеним"деген темада өтүлдү. 23-сентябрда Мамлекеттик тил күнүнө карата мектептин 1 айлык иш пландын негизинде башталгыч класстар "Макалдарды билебиз" деген темада алым сабак айтышы,эне тил жөнүндө көркөм ырлар ,класстык сааттар өтүлдү.Октябрь айында 2-4-класстарда математика жана кыргыз тил сабактарынан билим кесиндиси алынды.Математика сабагына текшерүү иши ал эми кыргыз тили сабагынан тесттик иштер алынды. Жыйынтыгы чыгарылып ,маалымат жазылды. Ушул эле айда 2-4-класстарда окуу ылдамдыгынын окуп түшүнүүсү i текшерилди. Жыйынтыгы башталгыч класстардын усулдук бирикмесинде каралды.
Ноябрь айында жумушчу дептерлердин абалы текшерилди. Маалымат жазылып,"үлгүлүү" дептерлер аныкталды.Мисалы: 3-2-класста Эсенаманова Арууке, Бороева Фатима,Туратбекова Айтурган,3-класстан Бегалиева Саида,Исаев Жоломан,Кудайбердиев Санжар, 4-класстан Садыбакасов Адилет,Төлөналиев Адилет Акылбекова Асема.
"Биз окуйбуз" долбоору боюнча окуу сабактарынын берилиши ноябрь айында текшерилди.Текшерүү 16-ноябрда 4-класста адабий окуу "Боорукер кыз",26-ноябрда 3-класста "Байкашка" темалары өтүлдү.Текшерүүнүн максаты окуучулардын окуп түшүнүүсү каралды.
Декабрь айында 2-4-класста жазуу жумуштары алынды.
25-январда пландын негизинде 4-класстын окуу ылдамдыгына жетишүүсү текшерилди.
Март айында он күндук декада 4-марттан 15-мартка чейин өтүлдү . Декаданын негизги темасы адабий окуу сабагы боюнча "Бабалардан калган сөз". Максаты:"Окуучулардын окуп түшүнүүсүн,сөз байлыгын,көркөм окуусун калыптандыруу менен каада салтты сактоо"
4-мартта "Көркөм окуу", 5-мартта адабий окуу сабагы боюнча өтүлгөн темалар боюнча сүрөт конкурсу, 6-мртта "Макалдашып сүйлөшөлү", 7-мартта "Майрамдык куттуктоо",
11-мартта "Ойлон,изден,тап" өтүлгөн чыгармалар боюнча ,12-мартта кроссворд түзүү,13-мартта "Тап,тап табышмак" 2-3-4-класстардын ата-энелери менен бирдикте өтүлдү.
15-мартта "Салам сага санжыралуу Ноорузум" менен декада жыйынтыкталды.
30-апрелде мектепте 1-класстын "Кош Алиппе" майрамы өтүлдү.
2020-2021-окуу жылында баштпалгыч класстар усулдук бирикмесинде жогорку билимдүү беш мугалим жана билими орто бир мугалим эмгектенди.
Алар; 1"а"-класстын класс жетекчиси Ташыбаева Бакытжан
1"б"-класстын класс жетекчиси Бейзеева Самара
2-класстын класс жетекчиси Абданбекова Айгүл

3-класстын  класс жетекчиси Эшматова Эльмира
4-класстын класс жетекчиси  Абдраимова Джылдызкан
Жогорку билимдүү мугалимдер. Ал эми орто билимдүү Кыдралиева Салтанат 0-класс  менен эмгектенди.
2020-2021-окуу жылына карата  бирикменин иш планы  түзүлүп ,мектеп директору тарабынан бекитилди.Пландын негизинде төмөнкүдөй иш-чаралар аткарылды.Бул окуу жылы кырдаалга байланыштуу  окуу аралыктан онлайн менен башталды.Иш чараларда онлайн түрүндө болуп турду. Алсак 1-сентябрь “Билим күнү” 2-3-4-класстарда жана 0 класста онлайн менен өтүлдү. 1-класстар  мпектепке жаңы келгендиктен  аралыкты  сактоо менен  Билим күнүнө арналган тарбиялык саатр өтүлдү. 23-сенгтябрь мамлекеттик тил күнүнө  карта окуучулар  сүрөт жана көркөм окуу конурсуна катышышты. 14-15-октябрда 2-4-класстарда онлайн менен окуучулардын окуу ылдамдыгы ,нормасына жетишүүсү текшерилди.Текшерүүнүн анализи жазылды.
Ноябрь айында “Бирге окуйбуз” долбоору боюнча сабактардын берилиши абалы,мугалимдин компьютердик сабаттуулугу  көзөмөлгө алынды. Декабрь айында
12-декабрь улуттук адабият  күнүнө  карата “Окуу керемет” долбоору тарабынан уюштурулган “Менин сүйүктүү каарманым” деген темада конкурска 2-3-4-класстын окуучулары катыша алышты.Мерсико тарабынан уюштурулган “Окуу эстафетасына” ата-энелер,,мектеп жааматы менен окуучулар “Алыкулдун ырлары” аттуу деген темада акындын ырларын көркөм окуу менен катыша алдык. Декабрь айында 3-4-класстарда математика жана кыргыз тил сабактарынан онлайын түрүндө теститик иштер  алынып,окуучулардынг билими текшерилди.
Башталгыч класстын декадасы 9-марттан  19-мартка чейин өтүлдү.Планда ачык сабактар жана класстан тышкаркы  иш-чаралар бекитилген. Планда бекитилген иш-чаралар  толугу менен аткарылды. Алсак 9-мартта декаданыни ачылышында жердешибиз Алыкул Осмоновдун ырларынан көркөм окуу , айтуу менен декаданын баштап алдык. Буга2-3-4-класстын окуучулары эң жакшы катышышты.Ырды көркөм айткан алдынкы окуучулар мактоо барпакчалары менен сыйланышты. Алар  4-класстын окуучусу Бороева Фатима,Туратбекова Айтурган,Качыке уулу Кайрат, 3-класстан Жолдошов Байэл, Мирбеков Белек сыйлангышты.10-марттан баштап план боюнча ачык сабактар өз учурунда өтүлүп жатты.10-мартта 2-“б”класста Бейзеева Самара  турмуш-тиричилик коопсуздук негиздери сабагынан”Жаракаттар” деген темада ачык  сабак өтүлдү. Өтүлгөн сабак көргөзмөлүү жага окуучулардын активдүүлүгү мыкты.Сабакта мугалим көптөгөн дидактикалык материалдарды,техникалык каражатты колдонуп  окуучуларга кызыктуу нерселерди көргөзүп, өзүнүн  жогорку денгээлин көргөздү.
11-мартта Эшматова Элмира адеп сабагынан 3-класста “Иштебеген тиштебейт” деген темада сабак өттү.Сабагында көтөгөн материалдарды колдонуп,проектердин жардамы менен жомок көргөзө алды. Сабак эң жакшы денгээлде өтүлду. 12-мартта Абданбекова Айгул  адабий окуу сабагынан “Бул кайсыл кыз адептүү” деген темада ачык сабак өттү.Сабак жакшы деңгээлде өтүлдү.Өзгөчө окуучулар өздөрү катышкан видоролик жакшы дайындалган.15-мартта
1-“а”класстын мугалими Ташыбаева Бакытжан алиппеден А.Осмоновдун “Китепти сүй” деген темада сабак  өттү. Сабакка окуучулар жандуу катышуу менен өздөрүнүн активдүлүүгүн көргөзүштү.Мугалим окуучуларга кошумча  маалымат  катары китептин жаралышы жөнүндо айтып берди.Сабактын жыйынтык бөлүгү жакшы. 16-мартта 4-класста Абдраимова Жылдызкан адабий окуу сабагынан  “Булбул менен жылан” деген темада ачык сабак өттү.Сабак башынан аягына чейин заманбап талабына ылайык проектердин жардамы менен өтүлдү.
Сабакта чыгарманын картасы менен иштөө болду.Сабак өз максатына жетти.19-мартта класстан тышкаркы иш-чарада “Салам Ноорузум “аттуу майрамдык куттуктоо болду. Мында окуучулар Манас айтышты,кыргыз бийлерин бийлешти.Кыргыз өнөрчүлүктөрүнөн көргөзмө уюштурушту.
23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата 1-4-класстын окуучулары ”Өз колубуз менен” деген темада ар кандай жомок китептерин жасашты.Эң мыктылары мектеп акимчилиги тарабынан мактоо баракчалары менен сыйланышты. 29-апрелде 1-класстар үчүн “Кош Алиппе” майрамы эң жакшы деңгээлде өтүлдү.Май айында кырдаалга байланыштуу кайрадан окуу

онлайын болугондуктан 9-май Улуу Жеңиш күнүнө карата ырлар онлайын түрүндө айтылды.
2021-2022-окуу жылында усулдук бирикмеде жогорку билимдүү 6 мугалим эмгектенди.
15-сентябрда окуу күнү башталды. Билим күнүнө карата "АТА ЖУРТУМ АСЫЛ МЕКЕНИМ" деген темада сабактар өтүлдү. 23-сентябрь мамлекеттик тил күнүнө карата мектептин иш-чараларына катыштык. Эне тил жөнүндө көркөм окуу,сүрөт көргөзмөсүнө катыштык."Жол эрежесин сактайбыз" деген темада бир айлык иш-чара аткарылды.Мында окуучулар жол эрежеси жөнүндө ырларды айтышып,жол белгилерин билишти.Панфилов райондук жол кыймылынын инспекторлору менен жол эрежесин сактоо боюнча жолугушу болду.
Октябрь айында 3-4-класстын окуучуларынан математика жана кыргыз тил сабагы боюнча билим кесиндиси алынды. Математика сабагынан текшерүү иши ал эми кыргыз тил сабагынан жат жазуу алынды. 2-4-класстарда математика жана кыргыз тил дептерлеринин абалы жана текшерилиши текшерилди.Маалымат жазылды. Сунуштар класс жетекчилерге айтылды. "Окуу керемет" долбоорунун негизинде окулуп жаткан окуу сабактары боюнча стратегияларды сабактарда колдонулушу 3-декабрда текшерүү болду
Январь айында 4-класста окуп түшүнүү ылдамдыгы текшерилди.Февраль айында "Сулуу жазып суктандырам" деген темада окуучулардын жумушчу жазуу дептерлерини сынагы болду. Мында 1-класстардан Нуркалиев Нурдан, 2-класстардан Шекербеков Нурсултан,Болотбеков Абубакир, 3-класстан Асанбекова Жанылай,4-класстан Асаналиев Алишердин депери "эң жакшы" деп табылды.
2-марттын 16-мартына чейин башталгыч класстардын декадасы болуп өттү.Декаданын планы райондук башталгыч класстардын бирдиктүү планы түзүлүп,ошол пландын негизинде төмөнкүдөй иш чара жүргүзүлдү. 2-мартта декаданын ачылышы болду. Ачылышында "Ала-Тоо биздин жерибиз" деген темада дубал газета,сүрөт көргөзмөсү уюштурулуп,окуучулар тоолор жөнүндө ырлар айтышты.3-мартта "Окуу керемет" долбоору боюнча окуган жомок китептер жөнүндө китепче жасашты. 4-мартта 2-"б" класстын класс жетекчтиси Бейзеева Самара 5-март ак калпак күнүнө карата ачык тарбиялык саат өткөрдү. 7-мартта 1-4-класстын ата-энелери менен "Тарбия башаты үйдөн башталат"деген темада тренниг өткөрулдү. 9-мартта 1-"а"класста, 1-"б"класста жана
4-класстарда математика сабагы боюнча ачык сабактар өтүлдү. Бул сабактарда окулуп жаткан "Окуу кремет"долбоорундагы математика сабагы боюнча "Түшундүрүү жана негиздөө" стратегиясынан "Сан жана сан түшүнүгү","Кошуу жана кемитүү" модулдарын,ыкчам текшерүү,кайчы пикир ыкмасын колдонуу менен Бектемир кызы Айжаркын,Эшматова Элмира,Абдраимова Жылдызкан жакшы сабактарын көргөзүштү.
10-мартта Нооруз майрамын утурлай көгөзмө уюштурулду.Бул көргөзмөгө окуучулар өз колдору менен жасаган иштерин алып келишти.Эң жакшы жасаган окуучулардын аттары аталды. Алар 1-класстан Жайдарбекова Малика,Камалова Сумая,Арсланов Карим
2-класстан Асанбеков Б,Азимкулова А,Зарылбекова А,3-класстан Мунарбекова Р, Акматова,Бексултанова Н, 4-класстан АсаналиевА, Абдыбалиева А. 11-мартта "Атам,апам жана мен" деген темада спорттук оюн болду. Бул мелдешке ар бир класстан 2 окуучу ата-энеси менен катыша алышты. Мелдештин жеңүүчүсү болуп 3-класстын ата—энелер тобу жетишти. Экинчи орунга 4-класстын "Чемпион"командасы,үчүнчү орунга 2-"б"класстын "Түндүк" командасы жетишти. Жеңүүчүлөр мектеп жетекчилери тарабынан сыйланышты.
14-мартта "Жаш таланттар конкурсу болуп өттү. Мында жекече ырлар,көркөм окуу болду, Манас айтуу,бий конкурсу болду. 15-мартта 3-4-класстын мыкты окуучуларынын ортосунда "Акыл ордо" таймашы болуп өттү. Мында математика,кыргыз тил,мекен таануу,адабий окуу,жаныбарлар, жөнүндө 25 суроодон турган тапшырмалар берилди.Бул таймашта 4-класстын окуучусу Аалыбеков Бекболот биринчиликти алды.
16-мартта декаданын жыйынтыгы болуп,активдүү катышкан окуучулар "Мактоо баракчалары" менен сыйланышты. Декаданын жыйынтыгы боюнча буклет жасалды.

23-апрель “Бүткүл дүйнөлук китеп күнүнө” карата “Окуйбуз,жасайбыз,изилдейбиз” долбоордун жобосун иш жүзүнө ашырып мектеп ичинде 18-мартта долбоорду өткөрдүк. Долбоор 3 аталышта өтү.

1. 1-2-класстар –“Мен жана менин дүйнөм”
2. 3-4-класстар – “Кыргыз элинин маданияты”
3. 5-6-класстар- “ Жер шаарынын биологиялык ар түрдүүлүгү”

“Мен жана менин дүйнөм” темасына 2-“а” класстан Шекербеков Нурсултан “Канаттуулардын пайдасы” деген тема менен, 2-“б” класстан Болотбеков Абубакир “Уйдун кирешеси жана чыгашасы” темасы менен Сулумбекова Сумая “Тотугуш” темасы менен 3-класстан Асанбекова Жаңылай “Бешик той” салты менен, 4-класстын Асаналиев Алишер “Кыргыздын каада салты жана анын ичинде тойлор пайдалуу жактары ысыраපкерчиликке жол бербөө” ,Аалыбеков Бекболот кыргыздын шырдагынын жасалышы темасы менен чыгышты . Бул окуучлар Асаналиев Алишер ,Аалыбеков Бекболот,Шекрбеков Нурсултан,Болотбеков Абубакир,Сулумбекова Сумая райондук экинчи турга катышышты . Мектеп райондун” Мактоо баракчасы” менен сыйланды.
“Канатуулар бизде мейманда” деген темада сүрөт тартуу,уя жасоо сынагы болду. 23-апрель бүткүл дүйнөлүк китеп күнүнө карата китеп жасоо сынагы өтүлдү.Бул сынакка 1-4-класстын окуучулары активдүү катышышты.
Май айында 4-класстын олимпиадасы өткөрүлдү. Ага Асаналиев Алишер математика сабагы боюнча ,Аалыбеков Бекболот математика сабагы боюнча,Жолдошов Байэл адабий окуу сабагы боюнча Мадылбеков Даниэл математика боюнча олимпиадага катышышты.
1-класстардын”Билим майрамы” майрамдык кечеси май айында,4-класстын бүтүрүү каечеси болду. Жыл жыйынтыгы “канаатандыралык” деп табылды.